Кыргыз Республикасында 2020-жылы эл жана турак жай фондун каттоо боюнча республикалык комиссиянын жыйынынын

П Р О Т О К О Л У

...ящий № 16-4905
« 11 2019

2019-жылдын 4-ноябры, № 16-109

Төрагалык кылган: Кыргыз Республикасынын биринчи вице-премьер-министри, Республикалык комиссиянын төрагасы Боронов К.А.

Катышкандар:

Комиссиянын мүчөлөрү: Султанов А.Ш., Исалиев К.О., Кармышаков У.Т., Канулькулов М.Э., Ахматов С.М., Чолпонбаев К.С., Усеналиев М.Дж., Токтосартов К.А., Каниметов М.Д., Мураталиев А.И., Мамбетов А.И., Алишеров Н.К., Токтоболотов С.Н., Югай Л.В., Осмоналиев А.Ш., Мадумаров А.К., Акматов М.Т., Махаммадов А.М., Беккелдиев Ж.Р., Осмонбеков К.Б., Намазалиев А.А., Топчубаев А.А., Бакетаев А.К.

Чакырылгандар:

министрликтерден жана ведомстволордон: Сагымбаев А.А., Джумашева А.Н., Бейшенова А.М., Кадыралиев А.Н., Чыныбаева Р.К., Кудакеева А.А., Акмырзаев К.У., Насиров М.Ж., Садыралиев Ж.С., Искатов У.Т., Жакиев Б.Д., Ражапов М.З., Бараков Б.А., Кудайбергенов Б.Ж., Мамбеталиева Э.А., Рысбаев А.Ы., Суйундук уулу Семетей

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынан: Керимкулов К.А., Масаидов Б.Ю., Ташбеков Н.К.

28 799КРӨ 11 19

Кыргыз Республикасында 2020-жылы эл жана турак жай фондун каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча иш-чараларды ишке ашыруунун календардык планын аткаруунун жүрүшү жана Кыргыз Республикасында 2020-жылы эл жана турак жай фондун каттоону даярдоо жөнүндө

(Султанов, Исалиев, Чолпонбаев, Усеналиев, Мураталиев, Бакетаев, Боронов)

Кыргыз Республикасында 2020-жылы эл жана турак жай фондун каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча иш-чараларды ишке ашыруунун календардык планын аткаруунун жүрүшү жана Кыргыз Республикасындагы 2020-жылы эл жана турак жай фондун каттоону даярдоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин төрагасы А.Ш.Султановдун жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин төрагасынын орун басары К.О.Исалиевдин маалыматтарын угуп жана талкуулап, төмөнкүдөй чечим кабыл алынды:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин төрагасы А.Ш.Султановдун жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин төрагасынын орун басары К.О.Исалиевдин маалыматтары көңүлгө алынсын.

2. Бишкек шаарынын биринчи вице-мэри А.К.Бакетаевдин Кыргыз Республикасында 2020-жылы эл жана турак жай фондун каттоо боюнча республикалык комиссиянын жыйынынын 2019-жылдын 5-июлундагы № 16-74 протоколунун 3-пунктуна ылайык калктуу конуштардагы көчөлөрдүн аталыштарын жана үйлөрдүн номерлерин тартипке келтирүү боюнча иштери жетишсиз деп белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, шаарлардын мэрлери (макулдашуу боюнча), мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылары (макулдашуу боюнча) төмөнкү жумуштарды толугу менен аякташсын:

- 2019-жылдын 31-декабрына чейин – көчөлөрдүн аталыштары жана үйлөрдүн номерлери жазылган көчөлөргө жана үйлөргө табличкаларды илүү;

- 2020-жылдын 31-январына чейин – аталыштары жок көчөлөргө жана номерлери жок үйлөргө аталыштарды, номерлерди берүү жана алар боюнча табличкаларды илүү.

4. Бишкек шаарынын мэриясы (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттик, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик Бишкек шаарынын жана ага жакын жайгашкан Чүй облусунун райондорунун административдик чек араларын тактоо боюнча иштерди күчөтүшсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине Кыргыз Республикасында 2020-жылы эл жана турак жай фондун каттоо тууралуу маалыматтарды мобилдик тиркемени колдонуу менен өткөрүү сунушталсын.

6. Ушул чечимдин тапшырмаларынын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын экономика жана инвестициялар бөлүмүнө жүктөлсүн.

Кыргыз Республикасынын
биринчи вице-премьер-министри,
Республикалык комиссиянын төрагасы **К.А.Боронов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АППАРАТЫ
ПРАВИТЕЛЬСТВА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КАНЦЕЛЯРИЯСЫ
№3
КАНЦЕЛЯРИЯ